**АСАНБЕКОВ Н.К,**
**МУСАБАЕВА Р.Ш.**

lib.knu@mail.ru

# ЭНЕСАЙ - ОРХОН ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНИН ТЕКСТТЕРИН ТАРЫХЫЙ ФИЛОСОФИЯЛЫК ТҮШҮНДҮРҮҮ ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Өткөн доордон, өзгөчө илгеркилерден калган философиялык эмес чыгармалардан, тексттерден философиялык ойлорду изилдөөнүн өзү өтө чоӊ проблема. Проблеманын маӊызы, биринчиси - тарыхый-философиялык изилдөөнүн өзгөчөлүгүнө, экинчиси, булактардын өзгөчөлүгүнө жараша өзгөчө усулдун зарылдыгы.

Философиялык эмес тексттерден философиялык ойлорду аныктоонун, бөлүп кароонун, түшүндүрүүнүн проблемалыгы философиялык билимдин өзгөчөлүгүн, акыркынын мазмуунун аӊдоо өзгөчө изилдөөнү талап кылат. Ал эми тарыхый документтерди жана тексттерди туура түшүнүү проблеманын ичиндеги проблема. Себеби, кайсыл текст болбосун анын табиятын аныкташ үчүн ал табияттын булагынан түртүлүү керек. Ошол эле учурда ал булактардын маӊызын аныктоонун булагы ошол тексттин өзү. Ошондуктан тарыхый болмушту жана тексттерди изилдөөнүн өзгөчө усулу тексттерди тарыхый-философиялык түшүнүүнүн зарылдыгы, шарты.

Философиянын тарыхында бул проблемаларды бүгүн эле көрүп жаткан жери жок. Тарыхый-философиялык түшүндүрүү проблемасы тексттерди, тарыхый документтерди түшүнүүнүн принциптери жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү герменевтика делген окууну акыры келип жараткан тамыры тээ илгеркиде.

«Герменевтика» термини грекчеден которууда, түшүнүү, түшүндүрүү, которуу, билдирүү, түшүнүктүү кылуу деген маанилерге ээ. Мына ушул себептен «герменевтика» тигил же бул чыгармаларда камтылган ойду түшүндүрүү, билдирүү искусствосу катары каралып жүрөт. Көбүн эсе бул түшүнүктүн келип чыгуусун грек мифологиясындагы Гермес кудайы менен байланыштырат. Олимпий кудайларынын бири Гермес, гректердин көз карашы боюнча көп милдеттерди аткарган. Ал - соодагерлердин, багбанчылардын, жолоочулардын колдоочусу, ошондой эле кудайдын кабарчысы (чабарманы) болгон. Акыркы кызматынын өзгөчөлүгү жөнөкөй-пенделерге кудайдын буйруктарын, жолдомолорун жеткирип келип тураарында, өзгөчөлүк, анын жөн эле жеткирип турушунда эмес, кудайдын буйругун, жолдомосун пенделерге түшүнүктүү болуш үчүн алардын тилине айландырып кабар формасында алып келип туруусунда, б.а. сапаты, маӊызы боюнча жогору турган дүйнөнүн талабын, буйругун төмөнкү дүйнөнүн өзгөчөлүгүнө жараша жөнөкөйлөтүп, түшүнүксүздү түшүнүктүү кылып айландыруусунда. Бүгүнкү күндө герменевтиканы жалпы жонунан, илгерки бизге башка дүйнөдөн калган маалыматты, билимди түшүндүрүп, аны менен маӊыздуу байланыш түзүп берүүчү феномен катары түшүнөбүз.

Герменевтиканын тарыхына, ал окуунун проблемаларына жана ал проблемалардын тегерегиндеги талаш тартыштарга бул макалада токтолууга мүмкүндүк жок. Анын үстүнө ал маселелерге маалымат катары токтолуунун өзү, ага арналган тарыхый чыгармаларды кайталоо болуп калат. Ошондуктан биз бул жерден текстти тарыхый-философиялык түшүндүрүүнүн тарыхы б.д.ч. VI кылымдан башталганын эскертип, өзгөчө «hermeneus» түшүнүгү Гомердин эпикалык поэмаларындагы камтылган сыр-маӊызды ачуу үчүн изилдеген Пиндара менен Эсхилдин (б.д.ч. VI к) эмгектеринде кездешээрин [1] белгилөө менен бирге, ал окуунун пайда болушуна социалдык өбөлгө таасир этиши, «түшүндүрүүнүн» өзү фундаменталдуу проблемалардан болгонун белгилеп гана кетели.

Герменевтика кээ бир филологдор белгилегендей диндик окууну же байыркы классикалык адабиятты түшүндүрүү каражаты гана эмес, бизге өгөй, илгерки маданияттарды түшүндүрүүчү маданий-тарыхый универсалдуу усул катары карашыбыз

керек. Дагы белгилеп кете турган нерсе, тарыхый эстеликтерди изилдөөдө герменевтиканын эрежелерин так колдоонуу гана ал эстеликтер жөнүндө акыйкаттуу билим алууну шарттайт.

Кайсыл илгерки эстелик болбосун анын эки аспектин бөлүп кароо керек, мазмундук-предметтик (1) (автор эмне жөнүндө айтып жатат) жана индивидуалдуу-инсандык (2) (өзүнүн айтайын дегенин кантип айтып жатат). Биринчини ачуу Ф. Шлейермахер боюнча диалектиканын иши. Диалектикадан өзгөчөлөнүп герменевтика – мазмунду автор кандайча түшүндүрүп айтып жатат деген суроого көңүлүн буруш керек. Бул өтө маанилүү, себеби сөздүн өзгөчө стилин, фразаларды тургузуусун аныктоо изилдөөчүгө автордун руханий индивидуалдуулугу чагылган чыгарманын стилисттик өзгөчөлүгүн таба алат. Ошондуктан герменевтика Шлейермахер боюнча чыгарманын маани-маңызын аныктоочу каражат эмес эле индивиддин ой толгоо өзгөчөлүгүн аныктоочу каражат катары каралат. Тарыхый эстеликтерди изилдөөнүн максаты Шлейермахер боюнча ошол эстеликке замандаш кишини түшүнүү, ансыз руханий жашоонун бир шарты болгон сүйлөшүү мүмкүн эмес. Индивидуалдуулукту Шлейермахер бирдиктүү, уникалдуу өзүнчө бир дүйнө деп эсептеген. Мына ошол инсандын индивидуалдуулугу, кайталангыстыгы кишизат менен байланыштырып турат. Мына ошол кайталангыс маңызды түшүндүрүүчү каражат герменевтиканын «техникасы». Шлейермахер изидөөчүнүн түшүндүрүү процедурасын бир бөлүк менен жалпыны, жалпы менен бир бөлүктү аныктоочу «герменевтикалык аныктама» түшүнүгүн киргизген. Түшүндүрүүчү, тексттин бир бөлүгүн окууну, тигил же бул сөздүн маани-маңызы жөнүндө алдын ала бир гипотезаны негиз кылып алуудан, автордун индивидуалдуулугунун мүнөзүн тактоодон баштоо керек. Тексттин кийинки бөлүгүн окууда мурунку сунушталган гипотезаны тактап, жалпы түшүнүүгө багытталат. Бул процедураны чыгарманын маңызы менен түшүндүрүүнүн ортосундагы «ачыктык» жок болгуча жүргүзүү керек, ошондо гана герменевтикалык айланпадан чыгабыз дейт Шлейермахер. Ошонтип Шлейермахер түшүндүрүүнүн эки тиби болоорун көргөзүп жатат - грамматикалык жана психологиялык.

Илгеркилердин оюу жана сезимдери бизге сөз, тил аркылуу сакталып жетип жаткандыктан аларды аңдап билүү текст жазылган тилди билүү аркылуу гана мүмкүн. Грамматикалык түшүнүүнүн максаты ошол. Текстти анализдөө грамматикалык түшүнүүдө салыштырмалуу усулдун негизинде жалпыдан өзгөчөлүккө жүрүү керек. Мындай изилдөөдө сапаттык (түшүнүктөрдүн көлөмү жана карым катнашы такталат) жана сандык (тексттин элементтеринин салыштырмалык мааниси) түшүнүүгө алып келет. Тексттеги сөздүн мааниси сандык жактан максималдуу болушу эмфазис деп аталат (качан тексттеги айтылганга көп мазмуну камтылса), минималдуулугу абунданция делет (качан тексттеги айтылган эч мааниси жок). Грамматикалык түшүнүү - тексттин авторунун индивидуалдуулугун аныктоонун зарыл звеносу, башаты. Бирок ал психологиялык түшүнүү аркылуу гана мүмкүн.

Психилогиялык түшүнүүнүн процедурасынын жардамы менен түшүндүрүүчү чыгарманын бирдиктүүлүгүн түзүп турган «ички формасына» кирүүгө умтулат. «Ички форма» бул чыгарманы жазуу ыкмасы менен жазылган ойдун маңызынын биримдиги. Жазылган ойдун маңызынын негизин «башаттык чечим» (зачаточный) түзөт. «Башаттык чечим» бул чыгарманы жазууга түрткү берген негизги себеп**.** «Башаттык чечим» көбүн эсе аңдалбаганы менен анын маңызын чыгарманын предметтүү мазмуну эмес, ошол мазмуну кандайча ачылып жатканы түзөт.

Түшүндүрүүчү чыгарманын авторунун аңдабастан басып өткөн жолун ачык аңдоо менен басып өтүүсү керек. Ошондуктан герменевтиканын талаптарынын бири, авторду жана анын чыгармасын автордун өзүнөн жакшы билүү болуп эсептелет.

Бул талап Шлейермахердин оюу боюнча эки негизги усул менен ишке ашат: дивинациалдык - өзүн бирөөнүн ордуна коюу, бирөөнүн персоналдуу тажырыйбасын өзүнүкү катары сезүү. Түшүндүрүүчү башка бирөөгө «айланып» ошонун негизинде

изилденип жаткан чыгармадан автордун өмүрүнүн бир ирмемин көрүүгө умтулат. Экинчиси салыштыруу усулу – изилденип жаткан чыгарманы башка бир чыгарма менен салыштырганда индивидуалдуулук өзгөчөлүгү көрүнөт. Бул эки усул бирдиктүү карым катнашта жүрүүсү керек. Салыштыруусуз дивинациялдык усул кур фантазиялоо болуп калат, ал эми дивинациялыксыз чыгарманын бирдиктүүлүгүн көрүүгө мүмкүн эмес.

Шлейермахердин ошондой эле Ф. Астын, Ф.А.Вольфтын, А.Берктун чыгармаларында тарыхый герменевтиканын проблемаларын иштеп чыгууга негиз түзүлө баштаган. Ал проблеманын негизин, илгеркилердин чыгармаларды түшүндүрүүдө түшүндүрүүчүлөр алардын авторлору ойлобогон ойлорду киргизишип чыгармалар көп маанилүү болуп калгандыгы. Тарыхый түшүндүрүүнүн негизги милдети кайталангыс индивидуалдык маңызын чагылдырган тексттеги автордун оюн аңдоо талабы. Бул багытты В. Дилтей улаган. В.Дилтейди Шлейермахер менен байланыштырган герменевтиканы системалаштырган А. Берк болгон. Берлин университетинде В.Дилтей А.Берктин лекцияларына катышкан. Мурда В.Дилтей герменевтиканы гуманитардык илимдин бир бөлүгү катары караса, кийин герменевтика проблемалары анын философиялык изденүүлөрүнүн борборуна айланган. Шлейермахердин оюн улап В. Дилтей да герменевтиканы психологиялаштыруу керек деген, б.а. герменевтика түшүндүрүүнүн усулун тактаган нормативдүү дисциплинадан «түшүнүү» процессин изилдеген тарых, тил таануу, психология жана логика менен кооперацияда болгон эмприкалык дисциплинага айландырууга аракет жасаган. Кийинчерээк герменевтикалык проблемаларга философиянын ичине киргизилинип, аны ордун философия менен гуманитардык илимдерди байланыштырып турган феномен катары карайт. Анын негизин Дилтей боюнча табигый тануу илимдерди таанып билүүсү «түшүндүрүү» болсо, тарыхтыкы «түшүнүү» деген ырастоо түзөт. «Жаратылышты таанып билүү, - дейт Дилтей, - аң сезимдин кубулушу менен байланышта. Ал эми гуманитардык илимдердин предмети баштан өткөргөн ички тажрыйбанын чындыгы» [2]. Жаратылышты изилдеген илим кубулуштарды кыйыр байланыштар аркылуу эле түшүндүрө алса, бирдиктүү өмүрдү түзгөн ички тажырыйбанын чындыгы болгон тарыхый кубулушту кыйыр түшүндүрүү мүмкүн эмес. Ал руханий өмүрдүн бирдиги болуп түзмө түз гана аңдап «түшүнүгө» гана мүмкүн. Түшүнүүнүн усулу герменевтика. Ошентип Дилтей герменевтиканы таанып билүүнүн илимий-тарыхый усул катары мүнөздөйт. Герменевтика жаратылышты жана көркөм таанып билүүдөн айырмаланып дүйнөнү таанып билүүнүн үчүнчү усулу. Герменевтиканын максаты өмүрдүк чындыкты илимий таанып билүүгө айландыруу. Ошондуктан Шлейермахердин кээ бир ойлорунан баш тартып герменевтиканы өтө эле психологиялаштырууга каршы болуп ички баштан өткөрүү усулун танат. Анын ою боюнча ал усул кишинин ички өмүрүн таанып билүүгө шарт түзбөйт. Ошондуктан ал башка усулду, кишинин өмүрүн таанып билүү үчүн өзүн башка менен салыштыруу аркылуу таанып билүүнү сунуш кылат. «Башка» мага эч тиешеси жок кубулуш эмес ал «менин башкам». Дилтей тандаган жолду түшүнсө болот, себеби башка мага карата «жабык руханий» чындык болсо анда аны аңдоо мүмкүн эмес. Эгер мен өзүмдү башкадан көрө билем десек анда индивидди жабык бирдиктүү система катары кароого болбойт. Ал эми Дилтей болсо бул жолду тыштагысы да, кайталангыс индивидден айрылгысы да келбейт. Шлейермахердин өтө писихологиялашуусун Г.Риккер чечүүгө багытталган.

Индивиддин психикалык абалын билүү кыйын. «Психикалык процесс жөнүндө сөз башталганда негизинен анын өзү жөнүндө эмес, анын жараткан маңыз жөнүндө болот» [3]. Ал эми себеп эмприкалык сферага таандык эмес, тескерисинче, эмпирикалыктан өйдөңкү аймактык мааниде. Бул аймак да сезимдик тажырыйбадай эле биздин аң сезимге түзмө түз берилет. Түшүнүү процесси мына ошол сезимден жогорку маңыздык калыптанууну түшүнүүгө багытталган.

Сезимталдык-психикалык баштан өткөрүү (переживания) өзү маңызга ээ эмес, сезимдик материал маңызды алып жүрүүчү гана каражат, анын «денеси». Маңызга ээ болгонду гана түшүнүүгө болсо анда психикалык абалды түшүнүү мүмкүн эмес. Түшүнүү - бул интеллектуалдык переживание. Бул кайсыл болмуш болбосун анын «үстүн» жана «ага чейин» болгон маңызды аңдоого багытталган руханий акт.

Бул процесс Риккерт боюнча жалпы логикалык дүйнөгө кирет. Демек түшүнүүнүн жападан жалгыз жалпы органы маани жөнүндөгү илим –логика. Ансыз герменевтиканы түзүү мүмкүн эмес.

Дилтей менен Риккерттин эмгектеринде индивидуалдык «мен» менен «сендин» жабыктыгы (сырдуулугу) четке кагылып индивидуалдуулукту бириктирген, бири бири менен карым катнашка алып келген, түшүнүүнүн негизин түзгөн «үчүнчүнү» табууга багытталган. Феноменологиялык мектептин өкүлү Макс Шелер бул проблеманы чечүүнүн башка жолун сунуш кылат. Ал - коом, «башка» кайсыл индивидде болбосун башында эле ар биринде камтылган дейт. Бул факт кишинин аң сезиминин жаратылышы менен негизделген. Ошентип бул проблема жалпы менен жекенин, бөлүк менен бүтүндүн категориялары менен чечилген.

**ЛИТЕРАТУРА**


1. Кессиди Ф.Х. От мифа к логосу: Становление гречеческой философии. М. Мысль, 1972.-312 с.
2. Дилтей В. Сущность философии // Философия в систематическом изложении. -СПб., 1909. - С.22
3. Риккерт Г. Два пути теории познания // Новые идеи в философии. СПб. - 1913. – С.31.